«Жомоктой сулуу»

Сөзү: Нарынбаев Руслан

Обону: Нарынбаев Руслан

Балбылдап ай көздөрүң турат

Багыңды ачар сөз курап

Бардыгы даяр сен учун

Баш кошсок деп ай тилемин сурап

Буралган ай чачтарын узун

А койчу ай булуттан түшкөн жансыңбы

Комузумдун ай кулагын бурайм

Күү толгойм кайрыгын улап

Күүлөрүм даяр сен үчүн

Күлкүңө кошор кошор күч кубат

Айчүрөктөй сулуулугуң бар

А койчу ай асмандан түшкөн жансыңбы

Жылмыңдап ай көздөрүң жума

Жаркылдап жанымда турат

Жүрөгүм даяр сен үчүн

Жүрөлү көңүлдү ай биз курап

Кайырма:

Жомоктой ай сулуулугуң бар

А койчу ай жылдыздан түшкөн жансыңбы